\+ Айтчоп        исп. Чоро тобу

**~~КЫЗГАНУУ~~**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. ~~Чоро Тобу~~ МАРАТ Абылов

**КАЙЫРМА:**
*Сүйүү жолу кепкенен,*
*Жетпейт ага шектенген.*
*Кызган бирок чек менен!*

*Ушак сөзгө кысталба,*
*Алдап койсо шыктанба!*
*Жинди болуп кызганба!*

Кызгансаң нервиң жукарат,
Өмүрүң кыскарат.
Ишенбеген адамдар,
Сүйгөнүн кызганат.

Арзуунду бекем кармагын,
Адашып калбагын.
Болбос ишке кызганып,
Ызы-чуу салбагын.

**КАЙЫРМА:**
*Сүйүү жолу кепкенен,*
*Жетпейт ага шектенген.*
*Кызган бирок чек менен!*
*Ооо...*

*Ушак сөзгө кысталба,*
*Алдап койсо шыктанба!*
*Жинди болуп кызганба!*
*Ооо...*

Кишилер калат уятка,
Кызганган убакта.
Чымын ойду тоо көрүп,
Тополоң кылат да.

Сакталсын десең үй бүлө,
Жүрөктөн сүйгүлө.
Баарын туура түшүнүп,
Кызганбай жүргүлө!

**КАЙЫРМА:**
*Сүйүү жолу кепкенен,*
*Жетпейт ага шектенген.*
*Кызган бирок чек менен!*
*Ооо...*

*Ушак сөзгө кысталба,*
*Алдап койсо шыктанба!*
*Жинди болуп кызганба!*
*Ооо...*

Болбосун дебейм кызганыч,
Болгону тыңдаңыз.
Карап койсо сүйөт деп,
Каталык кылбаңыз.

Күйбөйлү биз да кошула,
Күйүттүн отуна.
Алыс болсун башкысы,
Ызы-чуу окуя.